Музей–тарых

# Тарыхый–археологиялык баалуулуктардын ордосу

Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин 2004-жылдын 10-апрелиндеги Жарлыгы менен Оштогу "Сулайман Тоо" тарыхый-археологиялык музей комплекси же "Улуу Жибек Жолу музейи" деп элге кеңири таралган музейге "Сулайман Тоо" Улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси" деген статус ыйгарылды. Ошонун негизинде 2005-жылдын январынан тартып музейдин кызматкерлеринин айлык акыларына 25 пайыз үстөк акы кошулмак болду. Бул чара бир гана музейдин коллективин эмес, бүтүндөй облустун коомчулугунун мүдөөсү ишке ашкандыктын кырдаалында зор сыймыкка айланды.

Музей-бул доорлордон доорлорго өтүп келаткан уруулардын материалдык-маданий эстеликтерин сактоонун, үйрөнүүнүн, тарыхый, илимий иштерди улантуунун ордосу катары эсептелери баарыга белгилүү. Биз сөз кылган музейдин басып өткөн жолуна көз чаптырсак жарым кылымдан ашып баратканын билебиз. 1949-жылы 15-майда Эмгекчилер депутаттарынын аткаруу комитетинин Ош облустук Советинин чечими менен край таануу музейи ачылган. Бирок, экспонаттары жокко эсе, атайын имарат жай да жок болучу. 1950-жылдын декабрь айында гана эски медресеге музей жайгаштырылган. Андагы ыңгайсыз, кичине 5 залга коюлган экспонаттардын саны 268 гана түзгөн. Экспозициясы "Адамзаттын пайда болушу", "Өткөн заманда Оштун аймагында жашашкан кыргыз, ж.б. элдердин тарыхы", "Большевиктер жана Октябрь революциясы", "Граждандык согуш" деген бөлүмдөрдөн турган.

Музей иштеген алгачкы жылдары анын кызматкерлери үчүн оор кырдаалдар келип чыгып жатты. Баарыдан мурда түп нускадагы экспонаттар жок эле. Калк арасында музейге кызыккандар да аз болгон. Бөлүмдөрдөгү экспонаттар музейге кирүүчүлөрдүн табитин кандыра албаган. Андыктан да массалык иштерди жүргүзүү кыйын болгон. Алгачкы 5-6жылдын ичинде музейге 13 миң гана адам кирип, бар болгону 14 гана экскурсия жүргүзүлгөн. 1954-1956-жылдарда музей этнографиялык экспедицияларга катышып, экспонаттардын саны артып жаңы табылгалар менен толукталып, музейге кирүүчүлөрдүн саны да арта баштаган. Ошол мезгилден тартып музейдин ишмердүүлүгү да арткан.

1964-жылы өнүгүүнүн жаңы этабы башталды десек жаңылыштык болбос. Ошол жылы музей Сулайман тоосунун жогорудагыдай орун-жай алмаштыруудан элдин тарыхын чагылдырчуу музей жүдөмүш турмушту башынан өткөрүп жаткан чакта 1998-жылы азыркы имараттын курулушунун алгачкы так пайы коюлду. Музейдин жаңы курулушу бүтсө тарыхый баалуу мурастар менен руханий байлыктарды элге жайылтуу максатын көздөгөн музейдин кызматкерлери, илимий ишмерлери юбилейге карата алдын ала даярдыктарын кошо жүргүзүп жатышты.

Кыргыз өкмөтүнүн алдындагы "Ош-3000" дирекциясы, Ошто "Ош-3000" башкы дирекциясы уюшулуп, алар юбилейге карата даярдыктардын жүрүшүн көзөмөлдөө менен бирге Оштун тарыхына, маданиятына, археологиялык- архитектуралык өзгөчөлүктөрүнө байланышкан китепчелерди, брошюраларды, фото-илюстраларды басып чыгарып турушкан. Кыргыз Республикасынын маданият министрлиги колтейлөөнүн жаңы ыкмаларын пайдаланып, маданий иштерди өркүндөткөндүн натыйжасында алдыга койгон максаттарыбыздын көбү аткарылды - дейт музейдин директору Кубанычбек Жолдошев,-биз музейдин ички маданиятын гана эмес анын тышкы территориясынын маданий көрүнүштөрүнө да өзгөчө көңүл бурганбыз. Оштун көркүнө көрк кошкон сөөлөттүү Сулайман тоосунун айланасын жашылдандырууда кошкон салымыбыз да аз эмес. 2003-жылдагы Мамлекеттүүлүгүбүздүн 2200 жылдыгына арналган





аземдин ыйык Сулайман тоосунун алдында, биздин музейдин аянтчасында театрлаштырылып өткөрүлгөнү да төгүн болбосо керек.

Музей комплексине дагы бир кошумча көрк берген бул "Алимбек датка айылы" деп аталган каз катар боз үйлөрдүн жайгашканы, алардын эң коозу үч кабат боз үй. Ал музейдин имараты менен бой теңешип Сулайман тоосунун, музейдин, жалпы эле шаардын чырайын чыгарып турат. Чет өлкөлөрдөн, коңшулаш мамлекеттерден келишкен официалдуу делегациялар, жөн жай гана саякаттап келишкендер бул аймакка суктанып кайрылбай кое алышпайт. Алар ыйык Сулайман тоосуна чыгышып зыярат кылышып, Ош шаарынын көркүнө көз тойгузушуп анан тарыхый эстеликтерди аралап көрүп музейге киришет. Музейдин "Каалоолор жана сунуштар" китепчесине өз ойлолишкен. Ал эми 2004-жылдын өткөн төрт айынын ичинде эле 30832 адам тейленип 180 жолу экскурсия уюштурулду. Алыскы чет өлкөлөрдөн 85, жакынкы мамлекеттерден 113 адам музейге келишти.

Азыркы учурда музейде 6694 археологиялык, 3702 этнографиялык, 19852 документтер жана сүрөттөр, 1196 кол өнөрчүлүк буюмдары бар. Булардан тышкары живопись, скульптура, графикаларга орун берилген. Алыскы жана жакынкы өлкөлөрдөн келишкендерди орус, англис, кыргыз тилдеринде баяндама берген экскурсоводдор биринчи кезекте маданияттуу иштөөгө умтулушат. Музейге келүүчүлөрдүн саны артып, алардын китепчеге жазып калтыргандары, ооз эки түшүнүк бергендерине караганда Түштүк Кыргызстанда туризмдин жакын аралыкта өнүгүшүнөн кабар берет. Мезгил өткөн сайын көрүүчүлөрдүн Түштүк Кыргызстандын тарыхына болгон кызыгуулардын артып жатканы байкалат.

Музейдин жетекчилиги анын ички маданиятын калыптандыруу менен гана чектелбестен имараттын айланасын кооздоо маселесине да кызыгышат. Бүгүн арыктардын, жолдордун бойлорундагы бак-дарактардан башка дагы бош, ыңгайлуу жерлерге көчөттөр олтургузулуп, арчалар өстүрүлүп жатат. Музейдин бет маңдайындагы сквер өзгөчө жасалгаланган. Ал жерге ондон ашык скульптуралар коюлган. Алардын ар бири өзүнчө образдарды көзгө элестетет. 2002-жылдын 1-23-июнда Ош шаарында скульпторлордун эл аралык симпозиуму болуп өткөн. Ага Тажикстандан Бикесиен Анушрван, Өзбекстандан У.Ураимов, Казакстандан Ж.Наушабаев, Грузиядан Н.Келберашвили, Оштон А.Маразыков, Т.Жумагулов өңдүү сүрөтчүлөр союздарынын мүчөлөрү катышышкан. Ош шаарынын башкы сүрөтчүсү Ашыралы Маразыковдун жетекчилиги жана долбоору боюнча "Сорос" фондусунун колдоосунда 12 сүрөтчүнүн эмгектери музейдин алдындагы аянтчага коюлду.

Эки жагынан суу аккан жап-жашыл скверден орун алган таш скульптуралар буерге келгендердин көңүлүн бурбай койбойт. "Карыя" деп аталган скульптура "бул турмушта эмне жасай алдым, кандай өмүр сүрдүм, элге-журтка айтарлык пайда кыла алдымбы?" деген ойчул образды түзөт. "Шамал"-бул өтө кызык. Көзгө илинери менен кутман эне ойго келет. Ал боорукер, камкор, мээримдүү. Баласын шамалдан калкалаган элес турат. Биерге коюлган "Канаттуу төө", "Бийкеч", "Ай толгондо", "Ойлордун кошулушу" ж.б. скульптураларда адам турмушу, жаратылыштын кубулуштары чагылдырылып, философиялык ой жүгүртүүлөр камтылган.

2003-жылдын 27-августунда ыйык Сулайман тоо алдындагы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган салтанат оштуктар-

